Энекем

Сөзү:Өмүрканов Анатай

Обону: Керимбаев Асанкалый

Энекем, энекем, энекем
Дүйнөдө теңдешки берекем
Мен дагы дени сак болоюн, ай
Оорубай жүрө көр сен эсен
Мен дагы дени сак болоюн, ай
Оорубай жүрө көр сен эсен

Болсом да атасы баланын
Өзүңө дагы эле баламын
Үшкүрүп каласың, алыска, ай
Үйүңдөн узаса карааным
Үшкүрүп каласың, алыска, ай
Үйүңдөн узаса карааным

Жашоого от болуп жагылдым
Жаңылдым, чагылдым, кагылдым
Мен эми эч кимден таба албас, ай
Энелик мээримиң сагындым
Мен эми эч кимден таба албас, ай
Энелик мээримиң сагындым

Кырсыктан колдогон тумарым
Кыйшайсам түзөтүп турарым
Кырк жылга кабарсыз кетсем да, ай
Кыйкырып алдымдан чыгарым
Кырк жылга кабарсыз кетсем да, ай
Кыйкырып алдымдан чыгарым

Кырк жылга кабарсыз кетсем да, ай
Кыйкырып алдымдан чыгарым
Мен эми эч кимден таба албас, ай
Энелик мээримиң сагындым